“Бекитемин”
ОшМУнун [illegible]омчулук менен иштөө
[illegible] саясаты боюнча
[illegible], доцент Н.А.Мапаева
____
___ 09 _______ 2026-ж.

Кураторлук сааттарды тематикалык пландаштыруу

Бул документ 2026-2027-окуу жылы ичинде ОшМУнун бардык академиялык тайпаларында өткөрүлүүчү кураторлук сааттардын мазмунун аныктап турат.

1-курстар үчүн

№	Өтүлүү мөөнөтү	Кураторлук сааттар үчүн сунушталуучу темалар	Максаты жана милдеттери	Иштөө формасы
1.	Сентябрь ичи	Академиялык тайпанын өзүн- өзү башкаруу структурасы	- Академиялык тайпанын өзүн -өзү башкаруу структурасын түзүү; - Академиялык тайпанын активдерин шайлоо, функционалдык милдеттерин бөлүштүрүү; - Тайпадагы студенттер жөнүндө маалыматтар базасын түзүү, маалыматтарды толтуруу.	Жыйын
		Студенттин портфолиосу	- Тайпанын кураторунун (академиялык кеңешчи) портфолиосун түзүү; - Студенттердин портфолиосу жана аны үзгүлтүксүз толуктоо боюнча маалымат берүү; - Студенттердин портфолиосун түзүү.	Аңгемелешүү
		Студенттин жүрүм-турум кодекси	- ОшМУнун студенттери үчүн иштелип чыккан “Студенттин жүрүм-турум кодекси” менен таанышуу; - Студенттин укуктары жана милдеттери менен	Аңгемелешүү, презентация

			таанышуу; - Кодексте каралган эреже бузуулар, аларды болтурбоо, алдын алуу маселелери боюнча пикир алмашуу, талкуулоо; - Модулдук - рейтингдик система, учурдук, чектик, жыйынтыктоочу текшерүү жөнүндө маалымат алуу.	
		Театр күнү	Ош Улуттук драма театрына барып спектакль көрүү	Спектакль көрүү
2.	Октябрь ичи	Студенттик стипендиялык, социалдык колдоо программалары	- Студенттерди "Президенттик стипендия", "Атуулдук стипендия", "Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы", ОшМУнун топ -20 стипендиясы, "К.Исаков атындагы стипендия" жөнүндөгү жоболор менен тааныштыруу; - Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди аныктоо; - Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарга жетүү аракеттери; - Контракттык төлөмдөн жеңилдик берүү боюнча жобо менен тааныштыруу.	Презентация, ангемелешүү
		ОшМУда өзүн-өзү өнүктүрүү программалары	- Убакыт акчадан да кымбат экендигин аңдап түшүнүүгө жетишүү; - Сабактан сырткары убакытта өзүн-өзү өнүктүрүүнүн жолдору жөнүндө маалымат алуу; - Р.Абдыкадыров атындагы маданий-эстетикалык борбордогу студенттик ийримдер жөнүндө маалымат алуу; - Студенттик кеңеш тарабынан жүргүзүлүп жаткан студенттик долбоорлор менен таанышуу; - "Үмүт" студентик телестудиясынын, "Нур" студенттик гезиттин волонтердук программалары менен	Аңгемелешүү, презентация, маалымат бөлүмгө экскурсия

			студенттерди тааныштыруу.	
		Туруктуу өнүгүүнүн 17 максаты	- Туруктуу өнүгүүнүн 17 максаты менен тааныштыруу; -Туруктуу өнүгүү үчүн билим берүү;	Презентация, талкуу
		"ОшМУ - таза чөйрө үчүн!" тазалык акциясына катышуу	- Ош шаарындагы туристтик базаларда, парктарда, тоолордо жана коомдук жайларда тазалык акциясын уюштуруу (бөлүнгөн графикке ылайык).	Ишембиликке катышуу
3	Ноябрь ичи	Студенттик стартаптар	- Студенттик стартаптар жөнүндө маалымат берүү; - ОшМУнун студенттик стартап борбору менен таанышуу.	экскурсия
		Жаштар- сергек жашоо үчүн!	- Тамеки, баңги заттарын, спирттик ичимдиктерди колдонуунун зыяндуу жактары, кесепеттери жөнүндө маалымат алуу; - Жаштар арасында бул коркунучту алдын алуу жолдорун изилдөө; - Сергек жашоо образын студенттер арасында жайылтуу.	аңгемелешүү
		Кылмыштуулукка жол жок!	- Студенттер арасында кылмыштуулукту алдын алуу, болтурбоо боюнча профилактикалык иштер жөнүндө маалымат алуу; - Жаштар арасында күтүлүүчү кылмыштуулуктун, анын ичинде кыз балдарга жана жаш балдарга карата зордук-зомбулуктун болуу себептери жана кесепеттери жөнүндө талкуу.	Тегерек стол
		Экстремизм, терроризм, радикализм коркунучтары	- Жаштар арасында радикалдашууну (диний, идеялык, тыю салынган уюмдар) алдын алуу; - Экстремизм, терроризм, тыю салынган диний агымдар жөнүндө маалымат алуу; - Жаштардын радикалдашуусун алдын алуу, болтурбоо жана жайылышына бөгөт коюу аракеттериндеги ар бир жарандын жоопкерчилигин аңдап түшүнүүгө жетишүү.	Адис менен жолугушуу

4	Декабрь ичи	2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында "Кыргыз жараны" деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы жөнүндө	- Кыргыз жараны концепциясы менен таанышуу; - Концепцияны ишке ашыруу маселелери менен таанышуу; - Концепциянын маңызын аңдап түшүнүү.	
		Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү	- Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш - чараларды тайпалык деңгээлде уюштуруу; - Академиялык тазалыктын талаптары жана принциптери жана алардын тайпада сакталышы жөнүндө талкуу уюштуруу; - Таза сессия откөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги боюнча талкуу.	талкуу
		Кышкы сынак-сессиясына даярдануу маселелери	- Кышкы сынак сессиясына тайпадагы студенттердин даярдыгы; - Кышкы сессиянын сынактарын ийгиликтүү тапшыруу маселелери боюнча талкуу.	талкуу
		Жаңы жылга жаңы максаттар жана милдеттер	- Өтүп бара жаткан жылга баа берүү; - "Өтүп бара жаткан жыл мен үчүн эмнеси менен жемиштүү болду?" деген суроого жооп берүү; - "Өтүп бара жаткан жылы ниет кылган кайсыл иштерди аткарууга жетишпей калдым?" деген суроонун негизинде келе жаткан жаңы жылга максат, милдеттерди жазуу.	аңгемелешүү
6	Февраль ичи	Социалдык тармактарды колдонуунун оң жана терс эффекттери	- Социалдык тармактарды колдонуунун оң жана терс жактарын иликтөө; - Социалдык тармактарды туура колдонууга сунуштарды алуу.	дебат
		Кыргыз жараны кандай	- Кыргыз жаранынын моделин таануу;	презентация,

		болушу керек?	- Мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн маселелерин талкуулоо; - Көп түрдүүлүктөгү биримдик идеясын аңдап түшүнүү.	аңгемелешүү
		Бүгүнкү мекенчил жаштардын модели	- "Бүгүнкү заманбап контексте мекенди, элди, жерди сактоо дегенди кандай түшүнсө болот?" деген суроого жооп издөө; - "Мекенчил адамдын бүгүнкү образы кандай?" деген суроого жооп издөө.	аңгемелешүү
7	Март ичи	Улуттук идеттүүлүк – туруктуу мамлекет	- Кыргыз элинин улуттук идеттүүлүктөрү жана аларды башка улуттар менен салыштыруу; - Ааламдашуу заманында улуттук идеттүүлүктү сактоо мамлекет үчүн келечек экендигин аңдап түшүнүүгө жетишүү.	
		Менин болочок кесибиме койгон замандын негизги талаптары	- Заманбап адис болуу үчүн талап кылынуучу көндүмдөрдү, билимдерди билүү; - Эмгек рыногунун суроо-талаптарына анализ жүргүзүү; - Кесипкөй болууга даярдануу үчүн милдеттерди алуу.	
		Студенттин окууга мотивациясы	- Студенттин окууга болгон мотивациясы жөнүндө маалымат алуу; - Студенттин окууга болгон ички мотивациясын жогорулатуу жолдорун билүү; - Эффективдүү окуп-үйрөнүү техникалары менен таанышуу.	аңгемелешүү
		Өз алдынча окуп-үйрөнүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу	- Өз алдынча окуп-үйрөнүүнү уюштурууда маалыматтык технологиялык каражаттарды колдонулуунун жолдорун билүү, - Интернетти, социалдык тармактарды натыйжалуу пайдаланууну аңдап түшүнүү.	
8	Апрель ичи	"Китеп окуйбуз!" деген аталышта китеп окуу айын	- Тайпада бир айлык акция уюштуруу; - Куратор (академиялык кеңешчи) жана студенттер биргеликте тандаган алабий чыгармаларды окуп чыгуу	Бир айлык акция

		уюштуруу жана өткөрүү	жана талкуу жүргүзүү; - Китеп окууга жаштарды үндөгөн видеоролик, постерлерди жасоо, социалдык тармактар аркылуу таратуу.	
9	Май ичи	Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү	- Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш- чараларды тайпалык деңгээлде уюштуруу; - Академиялык тазалыктын талаптары жана принциптери жана алардын тайпада сакталышы жөнүндө талкуу уюштуруу; - Таза сессия өткөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги боюнча талкуу;	талкуу
		Жазгы сынак-сессиясына даярдануу маселелери	- Жазгы сынак сессиясына тайпадагы студенттердин даярдыгы; - Жазгы сессиянын сынактарын ийгиликтүү тапшыруу маселелери боюнча талкуу.	талкуу
		Жайкы сессияга даярдануу жана ийгиликтүү тапшыруу	- Модулдардын жыйынтыктарын талкуулоо; - Семестрдин жыйынтыгы боюнча студенттердин сабактарга катышуусу жана жетишүүсүнө анализ; - Сынактарды ийгиликтүү тапшырууга даярдануу маселесин талкуулоо.	аңгемелешүү

2-курстар үчүн

№	Өтүлүү мөөнөтү	Кураторлук сааттар үчүн сунушталуучу темалар	Максаты жана милдеттери	Иштөө формасы
1	Сентябрь ичи	Академиялык тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасы	- Академиялык тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасын түзүү; - Академиялык тайпанын активдерин шайлоо, функционалдык милдеттерин бөлүштүрүү; - Тайпадагы студенттер жөнүндө маалыматтар базасын түзүү, маалыматтарды толтуруу.	Жыйын
		Студенттин жүрүм-турум кодекси	- ОшМУнун студенттери үчүн иштелип чыккан "Студенттин жүрүм-турум кодекси" менен таанышуу; - Студенттин укуктары жана милдеттери менен таанышуу; - Кодексте каралган эреже бузуулар, аларды болтурбоо, алдын алуу маселелери боюнча пикир алмашуу, талкуулоо; - Модулдук –рейтингдик система, учурдук, чектик, жыйынтыктоочу текшерүү жөнүндө маалымат алуу.	Талкуу
		Көп тилдүүлүк	-Студенттер арасында көп тилдүүлүккө байланышкан маселелерге көңүл буруу;	
		Ички жана сырткы мобилдүүлүк программалары	-Окуу жылынын башында студенттерге ички жана сырткы алмашуу программалар боюнча маалымат берүү	Презентация,
2	Октябрь ичи	ОшМУнун жаштар кеңешинин долбоорлору	-"ОшМУ студенттерге" долбоору (студенттик кеңеш тарабынан жүргүзүлгөн долбоор) -"Жаш илимпоз" долбоору -"ОшМУдан кат" долбоору	Экскурсия, Презентация

		Мугалимдер күнү	Факультет, колледждерде группалар арасында мугалимдер күнүн белгилөө.	Концерттик программалар
		Студенттик стипендиялык, социалдык колдоо программалары	- Студенттерди "Атуулдук стипендия", "Президенттик стипендия", "Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы" "ОшМУнун топ-20 студенти" жөнүндөгү жоболор менен тааныштыруу; - Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди аныктоо; - Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарга жетүү аракеттери; - Контракттык төлөмдөн жеңилдик берүү боюнча жобо менен тааныштыруу.	Презентация, ангемелешүү
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт
3	Ноябрь ичи	Студенттик стартаптар	- Студенттик стартаптар жөнүндө маалымат берүү; - ОшМУнун студенттик стартап борбору менен таанышуу.	экскурсия
		Студент жана жаштар жумалыгы	-Ош шаардык жаштар иштери боюнча комитетинин окуу жайлар боюнча куратору менен жолугушуу уюштуруу; -Шаардык жаштар комитетинин студенттер үчүн каралган иш-чаралары, стипендиялары, долбоорлору боюнча маалымат берүү	экскурсия
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт
		Экстремизм, терроризм.	- Жаштар арасында радикалдашууну (диний, идеялык,	Адис менен

		радикализм коркунучтары	тыю салынган уюмдар) алдын алуу; - Экстремизм, терроризм, тыю салынган диний агымдар жөнүндө маалымат алуу; - Жаштардын радикалдашуусун алдын алуу, болтурбоо жана жайылышына бөгөт коюу аракеттериндеги ар бир жарандын жоопкерчилигин аңдап түшүнүүгө жетишүү.	жолугушуу
4.	Декабрь ичи	Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү	- Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш - чараларды тайпалык деңгээлде уюштуруу; - Академиялык тазалыктын талаптары жана принциптери жана алардын тайпада сакталышы жөнүндө талкуу уюштуруу; - Таза сессия өткөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги.	талкуу
		Китеп күнү	Китеп күнүнө карата ОшМУнун китепканаларына жана шаардык, облустук китепканаларга саякат уюштуруу	Экскурсия
		Ата-энелер чогулушу	Ата-энелер чогулушу: а) ата-энелердин уюктары менен тааныштыруу; б) Ар бир студенттин семестрдеги сабактарга катышуусу, жетишүүсү, жүрүм-туруму боюнча маалымат берүү.	Куратор тандайт
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт
6	Февраль ичи	Студенттик илимий-конференциялар	-Илимий макала жазуунун талаптары, эрежелери -Жаш илимпоз, магистрант, аспиранттар менен жолугушуу	Тегерек стол

		ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппаратынын өкүлдөрү менен жолугушуу	-ОшМУнун студенттик акыйкатчы аппаратынын өкүлдөрү менен жолугушуу өткөрүү; -Студенттердин укук-милдеттери боюнча суроо-жооптор -Электрондук ишеним кутуча жана "Жетекчи менен бир саат" долбоорлору жөнүндө маалымат берүү	
		23-февраль Ата мекенди коргоочулар күнү	-Эр аралык достуктукту, ынтымакты бекемдеген чыгармалар, ырлар жана иш-чаралар дүйнөлүк масштабда; -Биздин баатырлар, согуш ардагерлери боюнча маалымат берүү, иш-чараларды уюштуруу.	Талкуу , жолугушуу
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт
7.	Март ичи	Президенттик жана Атуулдук стипендианттар менен жолугушуу	-Президенттик жана Атуулдук стипендианттардын жетишкен ийгиликтери боюнча маалымат берүү.	Тегерек стол
		Зордук-зомбулук аялдардын гана көйгөйү эмес, бул бүтүндөй коомдун көйгөйү!	- "Аялзатына карата зомбулукту токтот!" аттуу жумалык - "Унчукпай калба!" аталышындагы группа арасындагы талкуу; - Аялзатынын бүгүнкү күндөгү орду	Психологдор менен жолугушуу уюштуруу
		Дени сак улут - дени сак өлкө!	- Сергек жашоого үндөө - Жаштар арасындагы чылым чегүү терс көрүнүш экенин реклама - "Эрте менен чуркоо" аталышындагы эстафета	Куратор менен бирге уюштуруу
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт

8.	Апрель ичи	Ата-энелер чогулушу	Ата-энелер чогулушу: Ар бир студенттин семестрдеги сабактарга катышуусу, жетишүүсү, жүрүм-туруму боюнча маалымат берүү.	Куратор тандайт.
		"Жетекчи менен бир саат" долбоору	Группанын студенттери менен факультет, колледждин жана ректораттын өкүлдөру менен жолугуштуруу	Тегерек стол
		ОшМУнун туруктуу өнүгүү планы	ОшМУнун туруктуу өнүгүү планы боюнча студенттерге тиешелүү маалыматтарды берүү жана талкуулоо	Талкуу
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт.
9	Май ичи	Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү	- Академиялык эреже бузууларды (коррупцияны) алдын алуу, болтурбоо, кесепеттери менен күрөшүү багытындагы иш- чараларды тайпалык деңгээлде уюштуруу; - Академиялык тазалыктын талаптары жана принциптери жана алардын тайпада сакталышы жөнүндө талкуу уюштуруу; - Таза сессия өткөрүүдөгү студенттин жоопкерчилиги боюнча талкуу.	талкуу
		Окуп жаткан кесибимде жетишкен ийгиликтерим	Кесипке болгон сүйүү жана андагы ийгиликтер боюнча көрүнүктүү адистер менен жолугушууларды уюштуруу.	Адис менен жолугушуу
		Куратор тарабынан кырдаалга жараша актуалдуу маселелер боюнча тандалган тема	Куратор аныктайт.	Куратор тандайт.

3-4-курстар үчүн

№	Өтүлүү мөөнөтү	Кураторлук сааттар үчүн сунушталуучу темалар	Максаты жана милдеттери	Иштөө формасы
1.	Сентябрь ичи	Академиялык тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасы	- Академиялык тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасын түзүү; - Академиялык тайпанын активдерин шайлоо, функционалдык милдеттерин бөлүштүрүү; - Тайпадагы студенттер жөнүндө маалыматтар базасын түзүү, маалыматтарды толтуруу.	Жыйын
		Студенттин жүрүм-турум кодекси	- ОшМУнун студенттери үчүн иштелип чыккан "Студенттин жүрүм-турум кодекси" менен таанышуу; - Студенттин укуктары жана милдеттери менен таанышуу; - Кодексте каралган эреже бузуулар, аларды болтурбоо, алдын алуу маселелери боюнча пикир алмашуу, талкуулоо; - Модулдук –рейтингдик система, учурдук, чектик, жыйынтыктоочу текшерүү жөнүндө маалымат алуу.	Иш-чараларды уюштуруу
		Көп тил билүүнүн актуалдуулугу	-Көп тил билүүнүн артыкчылыктары боюнча группа ичинде сынак уюштуруу	Аңгемелешүү, презентация
		Мамлекеттик тил жөнүндө мыйзамдар	- Кыргыз Республикасынын Конституциясынан мамлекеттик тилди пайдаланууну жана өнүктүрүүнү жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылары менен тааныштыруу; - "Мамлекеттик тилдин бүгүнкү күндөгү орду" аттуу талкуу уюштуруу; - Факультеттерде мамлекеттик тил күнүнө карата иш-чараларды уюштуруу.	Талкуу уюштуруу
2.	Октябрь	Студенттик	- Студенттерди "Атуулдук стипендия", "Президенттик	Презентация,

	ичи	стипендиялык, социалдык колдоо программалары	стипендия", "Окумуштуулар кеңешинин стипендиясы" жөнүндөгү жоболор менен тааныштыруу; - Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарды жана милдеттерди аныктоо; - Стипендиялык программаларга катышуу үчүн студенттердин алдына коюлган максаттарга жетүү аракеттери; - Контракттык төлөмдөн жеңилдик берүү боюнча жобо менен тааныштыруу.	аңгемелешүү
		Квалификациялык иш	-Квалификациялык иштин мазмуну, талаптары, жазылышы боюнча кеңири маалымат берүү.	Презентация
		Ош шаарындагы бош жумуш орундар, жумушка орношуу	Алдын - ала жумуш издөө, жумушка жайгашуу боюнча карьера борборлору жана жумуш берүүчүлөр менен жолугушууларды уюштуруу	Презентация, талкуу
		Мугалимдер күнү	Факультет, колледждерде группалар арасында мугалимдер күнүн белгилөө.	Концерттик программалар
3.	Ноябрь ичи	Эл аралык жаштар жана студенттер күнү	"Бүгүнкү күндөгү студенттердин ынтызарлыгы жана жаштардын коомдогу орду" боюнча талкуу уюштуруу	Дебат-талкуу
		Окуп жаткан кесибимде жетишкен ийгиликтерим	Кесипке болгон сүйүү жана андагы ийгиликтер боюнча көрүнүктүү адистер менен жолугушууларды уюштуруу.	Адис менен жолугушуу
		Илимпоздор, аспиранттар, стипендианттар менен жолугушуу	Илимпоздор, аспиранттар, стипендианттар менен жолугушуу уюштуруу	Тегерек стол
		Сөз эркиндиги	«Сөз эркиндиги» боюнча массалык-маалымат каражаттарынын кызматкерлери менен жолугушуу	Тегерек стол